“Тарых жана мурас” түрмөгү



Искак Асан уулу

# Полот хан

*Азаттык жана мамлекеттүүлүк*

Бишкек - 2015

«ТАРЫХ ЖАНА МУРАС» ТҮРМӨГҮ

# ИСКАК АСАН УУЛУ
# ПОЛОТ ХАН

## Азаттык жана мамлекеттүүлүк

**2015-жылдын 17-апрелинде**
**Баткен мамлекеттик университетинин**
**Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунда**
**өтө турган жумурияттык илимий-тажрыйбалык**
**жыйындын баяндамалары жана башка макалалар**

Бишкек – 2015

## МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ ... 3

***Кыргыз элинин азаттыгы үчүн өмүрүн арнаган чыгаан инсандардын бири Искак Молдо Асан уулу Полот ханга арналган илимий-практикалык жыйынга Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жетекчиси Д. И. Нарымбаевдин КУТТУКТОО СӨЗҮ*** ... *3*

***Т. К. Чоротегин***
Ферганадагы залкар элдик көтөрүлүштүн жолбашчысы Полот-хан – өз доорундагы азаттык күрөшүнүн символу ... 4

**БИРИНЧИ БӨЛҮМ. ИСКАК АСАН УУЛУ ПОЛОТ ХАН: ӨМҮРҮ ЖАНА ИШМЕРДИГИ**

***Кененсариев Т.***
Искак Полот хан (1842-1876) - Азаттыктын ири күрөшкери ... 8

***Молдокасымов К.С..***
Исхак Молдо (Полот хан) – Кокондун акыркы ханы ... 67

***Абытов Б. К.***
Нетрадиционный взгляд на взаимоотношения Полот хана и Абдылдабека ... 81

***Айдаркулов К.А.,Анарбекова В.Э.***
Пулат Хан жана аксылык кыргыздар (кошоктордун мисалында) ... 87

***Дүйшеев Ж. А.***
Профессор Кушбек Үсөнбаевдин "Болот ханы" ... 93

***Мусаев Ө.***
Зиябидин Максымдын «Фаргана хандары тарыхы» жана Кокон хандыгына байланыштуу айрым тарыхый маалыматтар ... 96

***Назарбаев А.С..***
Исхак Асан уулу (Полот хандын) өмүр таржымалы ... 100

***Токтогулова Г.Т.***
Полот Хан феноменинин калыптанышынын коомдук-философиялык өзгөчөлүктөрү ... 103

***Тургуналиев Т.***
Молдо Ысак (Полоткан) – улуттук баатыр (тизмектер) ... 107

***Эргешов А.С.***
Исхак Асан Уулу Полот хандын кыргыз тарыхындагы орду жана ролу ... 109

**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ. БОРБОРДУК АЗИЯ КАЛКТАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗДАРДЫН XIX-XX КЫЛЫМДАРДАГЫ АЗАТТЫК КҮРӨШТӨРҮ**

***Авазов Э. А.***
Фергана өрөөнүндөгү азаттык күрөштөр ... 114

***Анарбекова В. Э.***
Нарбото Ноорузкул уулу Кокон хандыгынын талаттуу аскер башчысы (кошоктордун материалында) ... 121

***Жакыпбеков Ж.Ж.***
Борбордук Азия элдеринин XIX – кылымдын экинчи жарымындагы азаттык үчүн күрөшүнүн изилдениши: (жаңыча көз караштар жана ойлор) ... 127

10. Кауфманский сборник... -С.I-IV.
11. ЦГА КР. Ф.И. 75. Оп.1. Д.52. Л.102-103.
12. ЦГА РУз. -Ф.715. Оп. 1. Д.67. Л.301-302, 357, 398; ООГАПД. -Ф.50. Оп. 1. Д.112. Л.1-2, 7, 10.
13. Кененсариев Т. К. Кыргызстандын ... -282 -б.
14. ЦГА КР. Ф.И. 75. Оп.1. Д.53. Л.21-22. Копия; Кыргызстан - Россия. История взаимоотношений: Сб. док. и материалов (XVIII-XIX вв.). - Бишкек, 1998. - С.406-407.
15. ЦГА РУз. -Ф.715. Оп. 1. Д.67. Л.357. Д.68. Л.180; ООГАПД. -Ф.50. Оп. 1. Д.112. Л.7, 12.
16. ЦГА КР. Ф.И. 75 Оп. 1. Д.53. Л. 34-38,43-47,50,53-54,68-71, 75-81. Копия; ЦГА РУз. -Ф.715. Оп. 1. Д.68. Л.232-240, ООГАПД. -Ф.50. Оп. 1. Д.112. Л.3.; Кыргызстан-Россия... -С.410-421
17. Кененсариев Т. К. Кыргызстандын... -296, 304-б.
18. ЦГА КР. Ф.И. 75. Оп. 1. Д.52. Л.33-35.
19. Кыргызстан-Россия... -С.346.
20. ЦГА КР. Ф.И. 75. Оп.1. Д.52. Л.101.
21. Кауфманский сборник ... -С. I. XII.
22. ЦГА РУз. -Ф.715. Оп. 1. Д.67. Л.4; ООГАПД. -Ф.50. Оп. 1. Д.121. Л.3.

**Айдаркулов К.А.,**
*тарых илимдеринин кандидаты,*
*ЖАМУ профессору,*

**Анарбекова В.Э.**
*ЖАМУ, Жалал-Абат ш.,*
*окутуучу*

## ПУЛАТ ХАН ЖАНА АКСЫЛЫК КЫРГЫЗДАР (КОШОКТОРДУН МИСАЛЫНДА)

Бул макалада Пулат хандын жетекчилиги астындагы элдик көтөрүлүштүн биринчи мезгилине тийешелүү окуялардан Аксы очогу жөнүндө гана сөз кылмакчыбыз. Анткени, 1873-76- жылдардагы элдик кыймылды, анын ичинде Аксы көтөрүлүшүн иридеги совет окумуштууларынын басымдуу көпчүлүгү Искак Асан уулунун ысмына байланыштырышат. Көтөрүлүштүн алгачкы мезгилинде Искак жалгыз жетекчиликти колго албаганы менен кыймылдын башынан аягына чейин түпкү ыйык максатынан кайткан эмес. Албетте, көтөрүлүштүн баштоочулары жана колдоочулары аксылыктар болгон.

1865-жылдары Абдымомун аталык Ташкенттин түштүк-чыгыш тарабындагы курама элинин башчысы катары жашап турган. 1873-жылы жаз алды менен 200дөй кыргыз жигиттерин ээрчитип, Шер датка, Мусулманкул, Мусабек, Сулайман удайчы жана Абдымомундун коштоосунда Искак-Полот бек Аксыга келген. Чаткалдын, Ала-Буканын, Ак-Тамдын, Нанайдын, Көк-Жардын, Мамайдын, Кербендин, Падыша-Атанын, Сахид-Буландын жана башка айыл-кыштактардын билермандары биригишип Исхакты «Пулат хан» деген ат менен Кудаяр ханга каршы чыккан элдик көтөрүлүшкө жетекчилик кылууга макулдашып хан көтөрүшөт [4,215]. Ал хан кайрадан Кокон хандыгынын билермандарына өз таасирин тийгизе баштаган. Исхактын чыйрак жана чечкиндүү мүнөзү, табиятынан баатырга тете тышкы турпаты менен акылы, жада калса замандын шарданына жараша молдолугу көтөрүлүштүн идеяларына топ келип турган.

Ошентип 1873-жылы жайында 29 жаштагы Исхак «Полот-хан» деген ат менен Аксынын Сафид-Булан деп аталган XI кылымга таандык архитектуралык эстелик жайгашкан азыркы Мазар кыштагында миңдеген кутлук-сейит, найман, саруу, кытай урууларынын катышуусу менен ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн [3, 282].

Сафид-Булан архитектуралык эстелик тарыхый булактарда Шах-Фазыл эстелиги деп да айтылат. Айрым тарыхый маалыматтарга караганда Шах-Фазыл Мухаммед пайгамбардын

-еберелеринин биринин аты катары айтылып да келет. Бул маалыматтар боюнча ислам дининин ушул чөлкөмдөргө таратуу үчүн атайын жөнөтүлгөндүгү айтылат. Ал кишинин түздөн-түз жетекчилиги жана жакындан көрсөткөн жардамынын натыйжасында Чаткал, Аксы, Ноокенде ыйык мазар эстеликтер ондоп саналат. Мисалы, Тоскоол-Ата, Бозбу-Ата, Пача-Ата (Падыша-Ата), Имам-Ата (Мукрама), Баба-Ата, Шүдүгөр-Ата, Арстанбап-Ата ж.б. эстеликтерди кошсо болот.

Мухаммед пайгамбардын аты менен байланышкандыктан Шах-Фазил күмбөз эстелиги эң ыйык болуп эсептелинет. «Мазар» деген атка конуп эл отурган тегерегиндеги жерлер да, айылда азыркыга чейин «Мазар» деп аталат. Ал гана түгүл Бозбу тоосунан өз алдынча (күн чыгыш тарабында) бөлүнүп турган бийик тоо Унгар тоосу деп аталат.

Азыркы Таш-Көмүр жана Уч-Коргон шаарларын жандап аккан Нарын дарыясынын оң жээгинен орун алган Кызыл-Жар жана Бүтөө өрөөнүндө жайгашкан элдерге болуш болуп, далай жылдар эл башкарган Ташкул болуштун сүйүктүү сулуу кызы Анаржанды Малкалды өрөөнүнүн (кийинки Жаңы-Жол кыштагы) болушу Мырзакул болуштун уулу Карашка күйөөгө бергенде, анын жеңелери кошок кошуп узатышкан. Ошол кошоктордон апасы айткан айрым бир үзүндүнү эстеп калгандыгын Анаржандын кызы Гулжамир эненин баяндоосунда:

Унгардын тоосу улуу тоо,
Улуулар баскан мазар тоо,
Ушул тоону этектеп,
Улоо, унааларын жетектеп,

Улуу көч өтүп турган тоо [1, 2000] - «Мазар» айылы ушул тоонун так түбүнөн орун алгандыктан болуу керек, бул тоо да «Мазар» тоо, ыйык тоо деп да аталат. Көптөгөн элдер алыс-жакындан дайыма келишип кайсыл учурда болсо да сыйынып турушат. Элдин айтуусуна караган да тээ илгертеден бери эле жоокерлер жоого аттанганда, жүрүшкө чыкканда же эл жайлоого, кыштоого көчкөндө ушул мазарларга атайын кайрылышып түлөө чалып, сөзсүз түрдө куран окуп сыйынып кетип турушкан. Ар тарапка кетүүчү жолдор да ушул «Мазардын» жанынан өткөн. «Кан» жолдон башталып ар кайсы багыттарга таркап кетет, топтогон жолдордун бириккен түйүнү деп айтууга болот. Муну уккан, билген эл ар бир жакшы ишти баштоодо ушул жерге келип сыйынышкан. Балдарына ат койгон, үйлөнгөндө, кызматка турганда: бийлерди, хандарды шайлаганда ушул жерге келип сыйынышып «арбактардын колдоосун» тилеп анан шайлашкан. Буга мисал Кокон хандыгынын хандары да ушул мазарга сыйынышкандан кийин гана «ак кийизге» салынып, анан хандыкка шайланышкан. Ыйыктыгына анын колдоосуна муктаж болуп, атайлап «кан» жол аркылуу көчкөн кыргыз көчүндөгү кыз узатуу кошогун кыздын бир тууган жеңесинин көч үстүндөгү айтуусун мисал келтире кетели:

Ак-ботосун ээрчитип,
Ак инген өтөөр көч менен.
Ак элечегин койкойтуп,
Энелер өтөөр көч менен.
Эже-синди топ болуп,
Оо, кызыке ай,
Сен да өтөөрсүң көч менен.

Күмүштөн камчы суй салып,
Күүлөнтүп күлүк минээрсин.
Күлкү менен ыр менен,
Оо, кызыке ай, күйөө бала экөөңөр.
Кызыктуу өмүр сүрөрсүн,
Өңүндөн күлкүн төгүлтүп.

Өңөргөн бешик термелтип,
Оо, кызыке ай.
Умай эне колдосун,
Уулдан, кыздан жол болсун,
Башыңа бакыт, бак консун.

Оо, кызыке ай,
Ушул Мазар айылында.
Олуялардын баскан изи бар,
Тиги турган жазуу таштарда.
Тектүүлөрдүн теги бар,
Так айтылган аты бар.
Оо, кызыке ай,
Ошол ата-бабаларга багыштап.
Оомийин деп кол жайып,
Бата тартып жүрөгөр.

Оо, кызыке ай,
Уулуңа оомат келип.
Кызыңды кыдыр жалгап,
Ак бешиктен уул-кыз.
Ак кийизге олтурушсун,
Ошол олуя, овозгерлер колдошуп.
Уул-кызыңа ооматтар келип,
Эл башы, журт башы болуп жүрүшсүн.

Оо, кызыке ай,
Сен көчкөн-көчүң уланып,
Эл көчү болуп конушсун,
Элиң менен бир болуп.
Ырыс,кешик, ынтымак,сага оошсун [1, 2000].

1873-1874-жылдагы Полотхандын жетекчилиги менен болгон элдик көтөрүлүштү карапайым элдин бир бөлүгү колдошкон менен бир бөлүгү өздөрүнүн көз караштарынын тайкылыгы, билимсиздиги, ишенчээктигинин натыйжасында колдой алышкан эмес.

Орус падышачылыгы Кокон-хандыгына бул жылдары кыйыр үстөмдүк кылууну туура көрүшкөн. Себеби Кокондо администрацияны, аскерди кармап туруунун зарылдыгы болгон эмес. Анткени ал көп чыгымдарды талап кылмак.

Чаткал өрөөнүнүн күн чыгыш тарабында түндүктөн түштүккө карай созулган улуу тоолорду ашып өткөн негизги эл көчкөн, азыр машина өткөн улуу жол Чапчыма ашуусу аркылуу өтөт. Ылдыйдан өйдөгө карай, төмөндөн жогору карай өтүп, кайдан созулган кан жол улуу, жол ашуудан кийин деле күн батышка карата тоолорду удаалап кете берет. Жолдун ар бир бурулушу Чапчыма ашуусунун эки жагында дале күңгөй тескейден жылжып аккан булак сууларын аралап өтүп, Капчыгай ылдый күрүлдөп аккан кашка сууну жээктеп же көпүрөлөр менен наркы өйүз, берки өйүзгө өтүп турган. Ушул жолдун башталышы капчыгайдын ооз жагында жайгашкан жайык жерден "Кызыл Токой", же "Кызыл Токой айыл" деп аталат. Айыл жайгашкан жер бир кезде "Жайык жер", "Камыштуу жер, "Токойлуу жер" деп аталуучу экен. Кийин кызыл токой, кандуу токой деген атка конуп кетиптир. Себеби токойдо жырткыч айбанаттар, каракчылар, ууру кишилер дайыма болушчу экен. Алар бирин-экин жанга

жолоочуларга кол салып турушуптур. Мүмкүн ушундандыр, же дагы бир аталыштанбы айтор кийин Кызыл Токой болуп аталып калыптыр.

Кызыл жаян кан агып,
Кыргын согуш, болгон дешет.
Кызыл Токой ошондон-
Аталып калган дешет-байыркылар.

Акылмандар кеп айтат,
Адашпа калкым деп айтат.
Адашуу, жаңылышуу, араздашууу,
Акыйкаттыкка алып келбейт дешет мурункулар.

Ханды кудай ураарда,
Калкы менен кас болот.
Кудаяр хандын тушунда,
Ал калкы менен өч болуп.
Катуу согуш болгон дешет мурункулар,
Ал согушта, ар бир дарак бутагына.
Илинген баатырлар да, жай казылып көмүлбөстөн,
Дагы деле ач кыйкырык, онтогон үндөр угулат, эч бир өзгөрбөстөн.

Кырчылдашып кармашып,
Кыйкырышып дем берип.
Кайраттанып бири-бирин,
Кайра тур-деп ар кимисин.
Качыратып таш чайнап, кыжырданып кыл чайнап,
Толгон күчүн жыйнашып.
Чымырканып чыдашып,
Жыгылып кетпес үчүн, адам эй!
Тизе бүгүп калбас үчүн, оо жан ээй!
Колун сермеп, урунганды туткакташып.
Тал-дарактын бутактарын бургакташып,
Тал менен тал болуп, тикеден тике турган экен ар бир жоокер.
Калдайган кара топ болуп,
Кара тоого тең болуп.
Турган экен бирге болуп ар бир жоокер,
Адамдан да, талдан да жылжып кандар агып.
Бардыгы кошулуп чоң суу менен бирге агып,
Аттиң ай, кең дүйнө турган экен тарып-тарып.

Сүйөнгөн талын аяп,
Суйкайган ак кайыңды кошо аяп.
Сынбаса экен, чыдаса экен деп,
Сурданып, душманына тике карап.
Суу болуп, алсыз болуп,
Сууга тамган, суу менен аккан канды карап.

Суу талга сүйөнгөнүн жазбай турду,
Найза учуна, жаа огуна көкүрөгүн тосуп турду.

Эси ооп, эстен танып,
Элес-элес көрүп-көрбөй, көзү талып.
Аалам бүтүп, туңгуюктан туманданып,
Баары бүтүп, баары кетип, келбей турду.
Бир гана ошолорду эске салып,
Оо, адамдар унутпаңар деп эскеришип.
Сырдуу токой, кызыл токой кыйналышат, шуудурашат,
Сайда суу дагы сыр айтышкансып шарпылдашат.
Жада калса каргалар да каркылдашып,
Аларды унутпайлы, унутпайлы дегенсишет [7, 2004].

Бул аталышка кийинчерээк болгон дагы бир тарыхый далилди келтире кетүүнү туура тартык. Ал окуя 1874-ж жай айында болгон.

10 миңден ашуун көтөрүлүшчүлөр июль айында Чаткалдан чыгып, Ала-Бука өзөнү менен төмөн карай Касан шаары багытана жүрдү. Кутлук-сейит, багыш, саруу, кытай урууларынан жыйналган Искактын көтөрүлүшчүлөрүнө жолдон өзбек, тажик тургундары кошулуп, Касанга жакындады. Чартак менен Жаңы-Коргондун бектери Сафид-Булан шаарынын жанында көтөрүлүшчүлөрдү токтотууга аракет кылды, бирок 400 кишиден турган сарбаздар көтөрүлүшчүлөргө туруштук бере алышпады. 1874-жылдын 1-августуна чейин Сафид-Булан, Чартак, Жаңы-Коргон чептери алынды, Касан шаарынын коменданты Төрө-Коргонго качып кетип, шаар согушсуз ээленди. Шаардыктар көтөрүлүшкө кошулуп кетти. Полот хандын кошууну Намангандан алыс эмес Төө-Коргон чебин талкалап, Наманганды камады [5, 176-77]. Төрө-Коргондун беги Саранчы 500 сарбазы менен көтөрүлүшкө кошулуп, кийин анын активдүү жетекчисине айланды.

Аксы көтөрүлүшүнөн катуу чочулаган Кудаяр хан, аларга каршы Абдырахман аптабачы, Иса Олуя, Науман паңсат баштаган 7000 сыпайдан жана 1000 сарбаздан туруп, жакшы куралданган жазалсочу отряд жиберди. Көтөрүлүшчүлөр беттешүүдө жеңилип калышты, көп адам колго түштү. Эки жактан тең олуттуу жоготуулар катталды, айрыкча, көтөрүлүшчүлөр тарабынан мерт болгондор арбын болуп, алардын ичинде жетекчилердин бири Мусулманкул көз жумду. Момун Чаткалга [3, 11-20], ал эми Искак бир аз жигиттери менен Ала-Буканын Чанач капчыгайына чегинди. Көтөрүшүштү Саранчы бий баштаган топ хандын жазалоочу аскерин Кызыл-Токой капчыгайында кармап турууга аракеттенди, бирок, теңдешсиз кармашта талкаланып калды.

Аптабачынын жазалоочу аскери караламан эл, коргоосуз калган айылдарды катуу бүлүндүрдү. Айыл-кыштактар аёосуз өрттөлүп, Ала-Бука өрөөнүндө эле даргага асылгандардын саны 1000ден ашты деп билдирет булактар. Айрыкча, Ала-Бука, Өрүктү, Касан-Сай өрөөнүндө жашаган тургундар Жолдош паңсаттын жазалоочуларынын каарына калды [5]. Жазалоочулар бет келген адамдарды өлтүрүп, аялдарды, балдарды жана карыларды да аяшкан эмес. Даргага асылгандардын саны эле миңден ашып, а түгүл «дарга жок болгондуктан дарактын бутактарына да» асылышкандыгы илимий изилдөөлөрдө берилген[5]. Буга кошумча эл оозунан жыйналган кошоктор жогоруда Кызыл Токой баянында кейиштүү саптар менен берилип тастыкталды. Жазалоону «эң жакшы ийгиликтер менен аяктап», Коконго жоон топ туткундары жана көп олжо алып кайткан Абдырахман аптабачыга Кудаяр хан «парваначы» титулун ыйгарды [5].

Фергана чөлкөмүндө элдик кыймылдар бир мезгилде кеминде төрт жерде башталган. Алар: Аксы, Эки-Суу арасы, Алай жана Түштүк-батыш очоктору. Кокон аскерлеринин элеттиктердин толкундоолоруна каршы аёосуз жазалоо жүрүштөрүнө чыдай албаган түштүк кыргыз уруу башчылары 1873-жылдын ноябрында Кожент уездинин башчысы барон Нольдеге көтөрүлүштүн чыгыш себебин билдирген кат беришкен. Ал каттын маалыматына

караганда көтөрүлүшкө 42 уруу же 132 500 түтүн кыргыз, кыпчактар катышкан. Эгер ар бир түтүндү карыкартаң, жаш балдарды кошкондо орточо 4-5 кишиден турат деп эсептесек, анда көтөрүлүшкө тиешеси бар калктын саны 530-650 миң адамды түзмөк. Албетте, ал кезде Фергана өрөөнүндө мынча кыргыз жашаган эмес, чамасы тизмеге кыпчактар, көчмөн өзбектер, түрктөр жана каракалпактар да кошулган болсо керек. Ошентсе да аталган сан көтөрүлүштүн масштабын айкын белгилеп турат. [2, 9].

1874-жылы июль айында Чаткал тоо этектеринде кыймыл кайрадан башталды. Искак эми Полот хан деген ат менен көтөрүлүштө чыныгы жетекчиликти колго алды да, кабары Аксы чөлкөмүнө гана эмес, Фергананын башка тоо этектерине, шаарларга, ал турсун Ташкенттеги орус бийликтерине да дайын болду. Элдик кыймылга айлана баштаган көтөрүлүштүн активдүү уюштурууучулары болуп, бир кезекте Алымкул менен бирге жүргөн, анын тууганы Мусулманкул, курамалык кыргыз Абдымомун эсептелишкен. Орус букарасы болгон Абдымомундун Кокон ханы Кудаярга каршы күрөшкө каршы аттангандыгын: «Инсургенттер (көтөрүлүшчүлөр) кыймыл ийгиликтүү аяктап калса, орустар менен жакшы ымалага кирүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү менен Момунду өздөрүнө чакырып алышты» [5, 155].

Бул жазалоолор, албетте, элди ого бетер кыжырланткан. Каны кайнаган Искак 1874-жылдын 1875-жылга караган кыш мезгилинде Чаткал тоо этектерин, Чанач, Ала-Бука, Падыша-Ата өрөөндөрүн кыдырып, элди көтөрүлүшкө үндөп жүргөн.

Чаткалга чыгып кеткен Момун Шамурзак уулунун тагдыры кейиштүү аяктады. Чаткал өрөөнү орус ээликтерине кирип, ал эми Момун орус букарасы деп эсептелингендиктен Кокон ханы Кудаяр аны кармап берүүнү Сыр-Дарыя облусунун аскер губернатору генерал Эйлерден сурады. Чаткал тоолорунда бекинип жаткан Момун менен бирге миңге жакын көтөрүлүшчүлөр болгондуктан аны колго түшүрүү оңой эмес эле. Ошондуктан Сыр-Дарыя облусунун губернатору Момунду айла менен колго түшүрүүнү чечип, Чаткалга таластык кыргыз бийлеринен түзүлгөн атайын элчилердин тобун жиберди. Казак-орустар коштогон бул элчиликтин алдына Момунду кандай гана болбосун кармап, орус бийликтеринин колуна тапшыруу милдети жүктөлгөн болчу [6, 158]. Бир нече сүйлөшүүлөрдөн кийин гана элчилердин куру убадасына ишенген Момун 1874-жылдын 24-август күнү Идрис Пайгамбар деген жерде орус өкүлдөрү менен жолугушууга келгенде кармалды да, Олуя-Ата шаарында түрмөгө отургузулду. Бирок, Момун бир аз убакыттан кийин түрмөдөн качып кеткендиги жөнүндө Б. Жамгырчинов изилдөөсүндө көрсөтөт [1, 350].

Кокон хандыгынын бийлигинин эзүүчүлүк саясатына карапайым эл карама-каршы чыккан жана аксылык кыргыздардын колдоосу менен иш жүзүнө ашкандыгы тарыхый булактар жана элдик фольклордо чагылдырылышы менен бекемделди.

**Шилтемелер:**


А) Адабияттар:

1. Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIXв. - Фрунзе, 1966.
2. Кененсариев Т. Искак Асан уулу Полот хан. - Бишкек, 1997.
3. Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. - Ташкент, 1973.
4. Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства. – К., 1886. 215-бет; Павлов Н. История Туркестана. – Т, 1910. 174-бет; Үсөнбаев К. У. Присоединение Киргизии к России // История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в. - Б.: Программа трансформации гуманитарного образования в Кыргызской Республике, 1996. 176-бет.
5. Үсөнбаев К. У. Тарыхтын катаал жылдары. Кокон көтөрүлүшү // ЭТ. - 1993., 30-июнь, 7-июль.

Б) Булактар:

1. Информатор. Өмүралиева Гүлжамир (73 жашта). Аксы району, Кызыл-Жар айылы, 2000-жыл.
2. ОБМТСА. – ВУА фонду – 6868 – иш. – 176-77-барактар.
3. ОБМТА. – 1-ф. 31-оп-278 – иш. -11-20-барактар.

4. ӨБМТА – 715. – Ф.-11-оп. – 61-иш. -156-барактар.:Үсөнбаев К. У. Присоединение Киргизии а России.//История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в.-Б.: Программа трансформации гуманитарного образования в Кыргызской Республике, 1996, 71-бет.
5. ӨБМТА – 715. – Ф.-1-оп. – 61-иш. -155-барактар.:Үсөнбаев К. У. Присоединение Киргизии а России.//История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в.-Б.: Программа трансформации гуманитарного образования в Кыргызской Республике, 1996, 264-бет.
6. ӨБМТА – 715. – Ф.-11-оп. – 61-иш-158-барак.
7. Элдин оозунан 2004-жылы жазылып алынган.

**Дүйшеев Ж. А.,**
*тарых илим. канд., профессор.*
*ЭИУ, Жалал-Абад*
*duysheev@mail.ru*

## ПРОФЕССОР КУШБЕК ҮСӨНБАЕВДИН "БОЛОТ ХАНЫ"

Окумуштуу тарыхчы Кушбек Үсөнбаевдин ишмердүүлүгүнүн советтик мезгили кээ бир концептуалдуу маселелер боюнча илимий эмес көрсөтмөлөрдүн болуп турушунан улам Ата Мекен тарыхынын айрым багыттарын изилдөөгө толук мүмкүн болбогон шартта жүрдү. Тарых илиминдеги мындай абал, өзгөчө «элдик-боштондук кыймылдардын» мүнөзү жана «инсандар» тууралуу изилдөөлөрдө ачык көрүнөт. Тарыхка таптык көз караштан жасалган мамиледен улам, «тарыхты эл жаратат» деген түшүнүк эл массасынын көңүлүн бурдуруп, Жаңы доордогу элдик кыймылдар жана жеке инсандар унутта калган же бир жактуу бааланган.

«Тоталитардык тартиптин талашына моюн сунган биздин республикабыздын тарых илими да өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн, эл кызыкчылыгын коргогон белгилүү инсандардын тарыхтагы ролу, коомго сиңген эмгеги тууралуу маселен көз жаздымында калтырууга аргасыз болгон. Эгер кимдир бирөө алар жөнүндө туура жана ачык жазганга батынса, ал ошол замат өткөндөгү «патриархалдык көчмөн турмушту даңазалаган антимарксчы» катары айыпталчу" [1]. Ошого карабастан, айрым тарыхчылар бул маселеге илимдин ошондогу принциптерин талап кылгандай кайрылып турушкан. «Тарыхчы өзүнүн жазуу ишин, окуянын сюжетинин талабынын жетегинде алдын-ала калыптайт», -деп жазат, А. Гуревич өзүнүн эмгегинде [2]. Ага ылайык, саясаттын илимге болгон таасирине, күчүнө арбалган жаш тарыхчы К. Үсөнбаевдин партиялык идеологиянын иш аракетине үн кошуу максатында таптык көз караштан туруп, белгилүү инсандардын, алар жөнүндө кеп козгогон авторлорду сындаган учурлары да болгон [3]. Алгачкы макалаларынын биринде ал сталиндик рухка ширелген көз караштa туруп: «Курманжан жарым кылымга жакын Түштүк Кыргызстанда өзүнүн бийлигин жүргүзүп, эмгекчилерди эбегейсиз эзген. Анын башкаруусунун катаалдыгы күйөөсүнүн башкаруусунан да бир нече эсе ашып кеткен», -деп баа берген саптар кездешет [4]. Ошол кезде тарых илиминде И. В. Сталиндин: «Тарыхый илим - эгерде ал чыныгы илим болгусу келсе, мындан ары коомдук өнүгүүнүн тарыхы падышалардын жана полководецтердин аракеттери менен, мамлекеттердин, «басып алуучулардын» жана «багынтуучулардын» аракеттери менен чектелбестен баарыдан мурда, материалдык байлыктарды өндүрүүчүлөрдүн тарыхын, эмгекчи массалардын тарыхын, элдердин тарыхын үйрөнүүгө тийиш», -деген көрсөтмөсү жетекчиликке алынган [5]. Жаңыдан телчигип келе жаткан кыргыз таануу илими үчүн мындай көрсөтмө маяк катары эсептелген жана тарыхчылардын изилдөө иштери ушул көрсөтмөнүн алкагында жүргөн.

К. Үсөнбаев ишмердүүлүгүнүн советтик мезгилинде Жаңы доор тарыхынын көрүнүктүү инсандары жөнүндө көптөгөн маалыматтарды жыйнаган. Тарых илими өзүнүн боштондугуна

**Анарбекова В. Э.,**
*ЖАМУ, окутуучу*
*Artur-Argen@mail.ru*

## НАРБОТО НООРУЗКУЛ УУЛУ КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ТАЛАНТТУУ АСКЕР БАШЧЫСЫ (КОШОКТОРДУН МАТЕРИАЛЫНДА)

Бүгүнкү күндө инсан таануу багыты жакшы эле жолго коюлуп жатат. Тарыхта жеке өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган, коомдо оң жана терс иш-аракеттери менен көрүнүктүү из калтырган тарыхый инсандар арбын. Маселени ушул тарызде караганда алыскы Баткен районунун Согмент айылында жашап келген нойгут уруусунун Мамаштукум уругунан чыккан Нарбото Ноорузкул уулунун Кокон хандыгындагы лидерлиги тууралуу айтпай коюуга болбойт.

Анткени, Кокон хандыгы убагында жашап, өз мезгилинде маанилүү иштерди аткарган. Бирок, ал тууралуу тарых барактарына жазылып калтырылган маалыматтар жокко эсе, болгону эл арасында айтылган айтымдар, кошоктор гана калган. Ушул маалыматтардын негизинде инсандын өмүрү, анын ишмердүүлүгү тастыкталат.

Нойгут уруктары жалпысынан Баткен аймагынын Зардалы, Кара-бак, Кайынды, Палалооз, Авгоол, Кан, Сары-Талаа, Кыштут, Бөжөй, Таян, Согмент, Газ, Даштикалан, Чек, Актурпак, Зарташ, Апкан, Шурдан айылдарында жайланышкан. Өзбекстандын Кува, Фергана, Үч-Коргон, Куйбышев аймактарында бар. 1911-12-жж. Кокон уездинде Нойгут-Кыпчак болушунда Дарыя, Кара-Булак, Кушрут, Суубашы айылдык жамааттарда 498 түтүн 4225 киши нойгут болгон.

Буларда уруулук бөлүнүүгө караганда аймактык бирдик күчтүү. Ошол себептүү аларда санжыра, жыл сүрүү адатка айланбаган.

Белгилүү тарых изилдөөчү Абрамзон С. М. кыргыздардагы уруулук түзүлүш жөнүндө: «Чыгыш Түркстандын жээктеринде төмөндөгү уруулардын бир бөлүгү жашайт: тейит, найман, кесек, кыргыз-кыпчак, чоң багыш, мундуз, кушчу, ойгут» [1.784].

Нойгут - ичкилик уруу тобундагы ири уруу. Айрым маалыматтар бул уруунун бир бөлүгү Чыгыш Түркстанды эзелтеден мекендешээрин баяндайт. Өздөрүн «ойгут» деп аташкан уруунун айрым бөлүктөрү көл кылаасында да жашашкан. Бүгүнкү монголдордун курамында да («найкит» аталышы менен) бар экендиги аныкталган. Нойгуттар «Манас» эпосунда да кенен чагылдырылып, кыргыздын бир уруусу катары айтылат. Айрым даректүү булактарды маалыматтарына караганда, XVI-XVII кк. Нойгуттар Лобнорду жана ага жамаатташ аймактарды мекендешкен. XVI-к. Кашкардагы Уч чебинин айланасында жашаган эл катары эскерилет [12, 307].

Он тогуз уруу нойгут ичинде [2, 173] өзүнчө орду бар Мамаштукум уругу бүгүнкү күндө жашап мекен кылган Согмент айылына качан, кантип барышканы боюнча так маалыматтар жок. Ошондой болсо да бул Мамаш Нойгуттардын мыктыларынын бири Сакынын досу, баатыры болгонун Мурзапар Үсөндүн эмгегинде даана берилген.

Мамаш Согмент айылына үй-бүлөсү менен барып жашап калган. Ал жерде урпактары укумдан-тукумга Мамаш ысмын өчүрбөй келет.

Согмент айылынын топонимикалык уламышына токтолсок: «Байыркы доордо ушул аймакта Кытайдын «муг» деген уруусу жашап, кендин көбүн иштетип, кыргыз байларына салыкты жакшы төлөбөй койгондуктан, аларды бул жерден көчүрүп жиберишкен экен. Жолоочулардын «Кайдан келе жатасыңар?», - деп берген суроолоруна "Согу" "менттен"- деп жооп беришет . Алардын тилинен которгондо «Согу» - акыркы, "ментте» - кен дегенди түшүндүрөт экен. Бир мезгилдер келет ошондо кайра бул жерлерде кен чыгат деп айтышат.

Экинчи уламышта - Сох өрөөнүнө чейин суулуу бет болгондугу, бул аймактарда каз, өрдөктөр жайнагандыгы айтылып келет. Жолоочулардын кайдан деген суроосуна «Суубеттен» деп жооп берет. Суубет убакыттын өтүшү менен Согмент деп атала баштаган.

Үчүнчү уламышта болсо - Согмент айылынын так ортосунан орун алган Асказан дөңсөөсүнүн айлана-тегереги жаңгак багы жана «Цамгар» уруулары көп жылдар бою жашагандыгы айтылат. Табигаттын кургакчыл болгондугуна байланыштуу ал уруулар жашаган жеринен көчүп кетүүгө мажбур болушкан. Цамгарлар жашаган жерлер дегенден бара-бара цамгар сөзү Согмент аталып калган. Бул уруулар азыркы Тажикстандын Хожент аймагына көчүп кеткендиги маалым. Кийинчерээк ушул жерлерге Нойгут уруулары отурукташкан. Айланасы Эгер-Тоо, Сандал, Дөбө-Таш тоолору менен курчалган [6, 2014].

Ал эми илимий негизде "Сох" – фарсы тилинде "күйүп кеткен жер", "күйгөн арча" [16, 64] деген сөздөн "күнгө күйгөн өрөөн же чөл" [11, 137]. Согда тилинде "кент" – шаар же кыштак, Сох+кент=Сохкент. Күн өтө түз тийгендиктен "күнгө күйгөн өрөөн же чөл", "шаар же кыштак". Демек, күнгө күйгөн өрөөндөгү шаар же кыштак деп атоого болот. Чындыгында ал жердин климаты кышы кыска, жай мезгили өтө ысык жана узак. Убакыттын өтүшү менен Сохкент, Согмент болуп аталып калган (А.В.).

Элдик уламыштарга караганда Нарбото бий Кокон хандыгынын тушунда жашаган. Анын качан туулуп, качан өлгөндүгү жөнүндө так маалымат жок. Эл ичинде ар кандай аңыз кептер айтылганы менен атайын изилдөөлөр болбогондуктан, инсандын тарыхын билген кары-картаңдар көз жумуп кетишкен. Айрым жергиликтүү изилдөөчүлөр жана Баткен мамлекеттик университетинин тарых илимдеринин кандидаты Кадыров Абдинаби агайдын эмгектерин атоого болот. А. Кадыровдун изилдөөсүндө «Согмент айылынын нойгут уруусунун Мамаштукум уругунан тарагандар өздөрүн Нарботонун урпактары деп эсептешет.




Нарботонун бешинчи мууну Орунали 1952-жылы туулган, орто эсеп менен ар бир атанын аралыгын 30-жылдан алып эсептесек, анда Оруналиден Нарботого чейин 150-жыл өткөн болот, ошондо Нарбото 1800-жылдары туулган, эгерде ар бир атанын аралыгын 40-жылдан эсептесек, анда 200 жыл өтүп, Нарбото 1750-жылдары туулуп, 1800-жылдар аралыгында жашап өткөн деп божомолдоого болот. Ошондо бул болжолдуу факт кокондук Нарботонун туулган жылдарына туура келет. Согмент айылындагы Күнгөй тамдан орун алган «Шейит-Бува» көрүстөнүндө Нарботонун күмбөзү орун алган. Күмбөз башкалардан олуттуу айырмаланбаганы менен анын аталышы Нарботого байланышып, алгач ал шейит катары коюлгандыктан, аны «Шейит-Бува» деп аташкан. Күмбөз үч жолу оңдолгон. Коюлган кыштарды Кокондон алып келишкен, ал абдан сапаттуу болгондуктан, канча мезгил өткөндүгүнө карабастан, сапатын жогото элек. Үчүнчү күмбөзүн 2003-жылы Нарботонун кыбырасы Амирбеков Маматкасым кайрадан реставрациялаган. Коконду бийлеген Нарбото бий ушул дешсе, айрымдары ал эмес, Нарбото Кокон хандыгында абройлуу кызматтарда болгон дешет. Айтор бир да далилдүү факт келтирилбегендиктен, бул сөздөр имиш катары гана айтылып келген.

Нарбото Ноорузкул уулу өз эли-жери үчүн кызмат кылган. Ал ошол мезгилдин таасирдүү кишилеринин бири болгон. Нарботону Кокон хандыгы тушунда аскер башчы болгон. Ал чек арадан өткөндөрдү көзөмөлдөп турган деген маалыматты кезиктирүүгө болот. Ал эми А. Кадыров: «Нарботонун өмүрүнүн көбү Кокон шаарында өткөн, элдин илим-билим алышына, маданий жайлардын көбөйүшүнө аябай аракет кылган адам болгон. Коконго жакын Чарсу деген жерде өзүнүн каражатына мечит курдурган. Эгемендүүлүк жылдарына чейин мечитте анын ысмы жазылып турган деп айтышат согменттиктер. Бирок анын канчалык чындыгы бар экендигин далилдөөчү фактылар жокко эсе», [10, 2011] - деген маалыматты берген.

Нарбото Кашкарда киши колдуу болуп өлгөн, ал таңкы намаз окуур маалында ичтен кийген соотун чечээрин, өзүнүн жан жигити аркылуу билген кутумдарлар аны түз эле намаз окуп жаткан учурунда канжар менен жүрөккө сайып жан таслим кылышкан.

«Нарбото өз өлүмүн өзү билген» - деген сөз бар. Ар дайым салгылашка кирээрде, намаз окуганда аны ак төө коштоп, колдоп туруучу экен. Өлөөр күнү төө көрүнбөйт. Жылкычыларына «бүгүн жылкыларды эрте жайытка чыгарбагыла, түш оогондо чыгаргыла да, кай жакка кетет, ошону мага айткыла дейт. Жылкылар оттуу жайытка барбай таштакка кетет. Бий ошондо ооматым уулдарыма эмес, кыздарыма кетти. Эми кыз балдардан бийлер чыгат деп айткан. Арадан жылдар өтүп бий айткандай кызы Жекевардын уулу Имаркул миңбашы эл башкарып калат.

Нарботонун кызы Жекевар ченден ашкан ырчы болгон, ансыз бир да кыз оюн көркүнө чыкчу эмес экен. Сандал тоосунун этегинде Шилби-Булак коктусунда кыз оюн учурунда Жекеварга атасынын өлүмү жөнүндө: «Шилбиден катуу шиш барбы, Өлүмдөн катуу иш барбы? - деп аксакалдардын бирөө ыр менен угузуптур. Той болуп жаткан жерде Жекевар олтурган боз үйдүн түндүгү кокусунан түшүп кетет, ошондо Мамаштукумдун ишенген тоосу кулады дешиптир. Эркек мүнөз кызы эркекче кийинип, нойгуттун бел байлаган азаматтарын чогултуп, сөөктү алып келүү үчүн Кашкарды көздөй түн жамына аттанышат [7, 2014].

Душмандын көзүнө чалдыкпай түнката жол жүрүп, жигиттер менен бирге Жекевар атасынын сөөгүн Кашкардан алып келет. Маркумдун өлүгүн коштогон топ Сохтон өрдөп калганда, алдынан бир дубана жолугуп: «Аттын жылоосун коё бергиле, көк жорго күн батаарга карай жол алса-оомат кыпчактарга кетет. Күңгөй-тамга карай жол алса, оомат – нойгуттарда-Нарботонун урпактарында калат дейт. Жигиттер дубананын сөзүнө маани беришпейт. Жекевар аттын жылоосун коё бердирет, сөөк артылган көк жорго күн батаарга карай жол алган экен. Ошондон кийин оомат кыпчактарга ооп кеткен дешет.

Экинчи айтымында: жол баштап барган аксакалдардын бирөө жолдогу бири-бирине карама-каршы турган сайдын алдына келип токтотуп, бийдин сөөгү артылган төөнү коё берүүсүн айтат. «Эгер төө чоң сайга кирсе, анда Нарботонун урпактарынан өзүндөй чоң мартабалуу эл башчылар, бай, бийлер чыгат. Эгер кичине сайга баш бакса анда бийдин урпактары өзүнө ток, элдердей эле күн кечиришет, бирок булардан Нарботодой белгилүү инсандар чыкпайт» - деп айткан экен. Ошондо төө кичине сайга кирип кетет. Аксакал «Нарбото Мамаштукум үчүн бир жаралган инсан экен. Эми урпактарынан бийлер, байлар чыкпайт» - деген. Чындыгында ошондон бери канча жылдар өтсө да, анын урпактарынан Нарботодой мартабалуу эл башчылар, чыгаан инсандар чыкпай келет [5,2013].

Ал эми Жекевардын чечкиндүүлүгү, анын эркек мүнөзү боюнча эл арасында: «Жекеварча жоксуңбу?», ошондой эле «Аккул менен Шамурат, алда кандай гавират. (Гавират-сүйлөйт) деген сөз да калган. Ошол кезде Нарботонун сөөгүн Кашкардан алып келүүгө эки уулу Аккул, Шамурат барбай коюшкандыгы себеп болгон экен. Ошентсе да «Жекевардын кошогунда:

Атасы өлсө Аккул бар,
Куну жерде калбайт ко.
Атам өлсө Аккул бар,

Ному жерде калбайт ко, [13] – деген сапта Нарботонун баласы ата ишин улантат. Анткени, Аккул Шамуратка караганда алда канча жигердүү, иш билги адам болуптур.

Кашкардан келген сабасы,
Букардан келген бабасы,
Бий Нарбото бувасы. [13] – деп, анын теги, аброю жөнүндө айтылса,
Адиракоодон мал айдап,
Дуулайт элең бий атам.
Күндө сени көрбөсөм,
Ыйлайт элем бий атам. [13]

Нарботонун Согменттин күнчыгыш тарабындагы Сандал тоосунун этегинде Кыштут айылынын күнбатыш тарабындагы Адиракоо жайлоосунда малы каралып турган. Андагы таш короолор бүгүнкү күнгө чейин да сакталуу. Кийинки учурларда короодо колхоздун малы да каралып тургандыгын айтат [8, 2014]. Адиракоо чагатай тилинен которгондо «адир» - адыр, ал эми «коо» - жар болуп, жарлуу адыр дегенди түшүндүрөт.

Нарботонун бир тууганы Үрүстөм Кокон хандыгында увазир, казына башчысы болуп турган экен. Ал чечен, кайраттуу адам болгондуктан, хан ордодо анын таасири күчтүү болгон дешет. Үрүстөмдүн Газы аттуу баласы болгон, ал казылык кызмат аткарган. Кызмат иштеринде жүрүп, киши колунан каза болуп, сөөгү Кокон шаарына жакын Сары-Коргон деген жерге коюлган. Сөөгүн 1915-жылы Нарботонун чөбереси Амирбек алып келип, Согменттеги «Шейит-Бува» көрүстөнүнө кайрадан койгон. Газыдан туяк калган эмес деп айтышат. Бирок, А. Кадыровдун изилдөөлөрүндө Үрүстөм жана анын баласы Газы Нарботонун уулу Аккулдун балдары экендигин белгилейт [10 2011].

Бүгүнкү күндө такталган маалыматтарга караганда Нарботонун бир тууганы Шадынын кандай инсан болгондугу жана ишмердүүлүктөрү боюнча эч кандай маалыматтар жок. Бирок, мунун урпактары да бүгүнкү күндө Нарботонун урпактары менен катарлаш болуп мамиле түзүп жашап келишет.

Баткен аймагы Кокон хандыгынын курамында болуп, хандыктын саясий, башкаруу, согуштук, чарбалык жана башка ар кандай иштерине активдүү катышып турган. Бул аймакта болуп өткөн ар кандай окуялар хандыктын тарыхы менен тыгыз байланышып, ал эми айрым инсандар кээ бир тарыхый окуялардын уюштуруучусу жана жетекчиси болгон. [9, 9].

Кокондук феодалдар, аскер башчылары, дин кызматчылары хандык алгач уюшулгандан баштап эле кыргыздардын түштүгүндөгү дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерин ээлеп ала башташкан. Мисалы, Омор хан казынасын байлыкка толтуруу үчүн Наманган чөлкөмүн мекендеген кыргыздардын суусу мол жерлерин өзбек кардарларга өз эли менен макулдашпай туруп эле сатып жиберген. [14, 184]. Жалпылап алганда түштүк региондогу кыргыздар менен коңшулаш жашашкан өзбек, тажиктер кыргыздардын түзөң жерлерине отурукташып, ал эми кыргыздар баары тоо арасында жайгашышкан. XVIII к. эле өзбек, тажиктер дыйканчылыктын көп сырларын билишип, суулуу жерлерди ээлеп алышкан болсо, кыргыздар мал багуучулук менен тоолуу, жайыттуу жерлеринде күн өткөрүп келишти.

Мындан бизге маалым болгондой, Кокон хандыгынын аймагында жашаган бардык элдер анын ичинен Баткен аймагынын жашоочулары да негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен күн көргөн. Исфара, Сох аймактарынын суулуу жерлеринде жашаган калктар Кокон хандыгынын мезгилинде дыйканчылык менен көбүрөөк шугулданыша (алектене) башташкан. [9, 55].

Кокон хандыгы учурунда Нарбото да бий даражасын алып, эл арасында бай аталып, короо-короо кой, төө, уй, эчки жана жылкыларды бактырып, ошону менен катар эле дыйканчылык да кылып, өз убагында кедей-кембагалдардан куралган малай, аштыкчы, эгинчи, чайрикер жана мардикерлерди иштетип турган. Буга мисал катары кызы Жекевардын кошогунда берилгендей,

Этектеп кетмен бештеткен,

Кош мардикер иштеткен.

Ак буудай нанын тиштеткен [13] – деген саптары бар.

Кокон хандыгынын негиздөөчүлөрүнүн бири Нарбото бийди Баткендик Нарбото деп жүрүшөт. Ушул пикирди тактоо үчүн тарыхый жактан салыштырсак:

Биринчиден: Кокон хандыгындагы Нарбото Абдурахман уулу 1751-1798-жылдары жашап, Коконду 1770-98-жылдары бийлеген хан. Кыргыз элинин жедигер уруусунан болот. А бул Баткендик Нарбото Ноорузкул уулу болжол менен 1750-1800-жылдар аралыгында жашаган, нойгут уруусунан.

Экинчиден: Эрдене бийдин көзү өткөндөн кийин Кокондо бийлик үчүн жүргөн күрөштөр менен ич ара чыр-чатактар Нарбото бийдин бийликке келишин шарттаган. Кокон ак сөөктөрү Нарбото бийге тактыга отуруу сунушу менен кайрылышканда, ал «жогорку бийликке ээ болуу өтө опурталдуу экендигин» айтып макул болбой коёт Акырында бардыгы ага берилгендиктерин билгизип, ант беришкенден кийин гана бий сунушту кабыл алган. Бирок мамлекет ишмердикти ага Чуст жана Намангандын баш ийбеген феодалдарына каршы күрөш менен баштоого туура келген. Андан кийинки маанилүү иши өзүнө каршы жергиликтүү башкаруучулардын чыгууларын басуу болгон. Андан тышкары, ал Букара хандыгына номиналдуу гана баш ийген, Кожентке коңшу Жиззак жана Оро-төбө чөлкөмдөрү каратып алууга аракеттенген. Анын тушунда Кокон экономикалык жактан да, саясий жактан да күчтөнгөн [15].

Нарбото Ноорузкул уулу өз эли-жери үчүн кызмат кылган. Ал ошол мезгилдин таасирдүү кишилеринин бири болгон. Нарбото Кокон хандыгы тушунда аскер башчы болгон. Ал чек арадан өткөндөрдү көзөмөлдөп турган. Нарботонун өмүрүнүн көбү Кокон шаарында өткөн, элдин илим-билим алышына, маданий жайлардын көбөйүшүнө аябай аракет кылган адам болгон. Коконго жакын Чарсу деген жерде өзүнүн каражатына мечит курдурган. Эгемендүүлүк жылдарына чейин мечитте анын ысмы жазылып турган [10, 2011]

Үчүнчүдөн: дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө Орто Азияда Коконду Хива жана Бухара хандыктары менен катар өзүнчө мамлекет катары таанышкан. Расмий түрдө хан титулун албаса да, кытайлыктар Нарбото бийди хан дешкен. Хан титулун Кокондо расмий түрдө биринчи жолу Нарбото бийдин уулу Алим хан кабыл алган. Мында Кокон бийи Нарботонун уулу Алимхан, ал эми баткендик Нарботонун уулу Аккул жана Шамурат. Алар боюнча алардын кылган кызматы, коомдогу орду кандай, кандай жумуштарды аткарган ушул өңдүү маалыматтарды биз учурата албадык.

Төртүнчүдөн: Кокондук Нарботонун бир тууганы Ажы бийден Шералы хан төрөлгөн. Баткендик Нарботонун бир тууганы - Шады. Бирок, бул Шадынын кылган кызматы, коомдогу орду жөнүндө маалыматтар жок.

Бешинчиден: Абдрахманбек Кокон хандыгын негиздегендиги ордонун тарых жазгычы Зиябидин Максым тарабынан Кудаяр хандын буйругу менен жазып калтырылгандыгы «Фергана кандарынын тарыхнаамесинен» дайын болду. Буга дейре эле Кыргызстан тарыхында Кокон хандыгынын ичкилик кыргыздардын  Нойгут уруусунан чыккан Нарбото бийдин негиздегендиги айтылат. Бирок, Нарбото бийдин тексаадынын кайдан экендиги жазылган эмес. Анын Кашкар багытында жунгар (кытай) менен болгон согушта өлүп, иниси Шоорукбек (өзбектер атаган Шахрукбек) этинен сөөгүн ажыратып алып нойгуттардын мекени аталган, Абдрахманбек туулуп өскөн жер, Сох дарыясынын боюндагы Согмент деген кыштакка апкелип жерлеген. Азырда Нарбото бийдин күмбөзү ошо айылда элдин урматтоосу менен турат. Зыябидин Максымдын бир жаңылыштыгы Нарбото бийдин чоң уулу Алимбекти (Алимхан) Нарботонун бир тууган иниси кылып, агасын өлтүртүп такка отургузуп койгон.

Мурзапар Үсөндун "Заман Кыргызстан" газетасындагы маалыматы боюнча Абдрахманбек деген инсан Кокон хандыгын негиздөөчүлөрүнүн бири экенин айтат. Бул

Абдрахманбек Нойгут уруусунан чыгып, Согмент айылында туулган деген маалымат биз изилдеп жаткан Нарбото бийдин чоң атасы Абдрахман болгон деген ой келет. Балким ошол Коқондо кызмат кылган Абдрахманбек Нарбото бийдин чоң атасы болуп, анын муундары да ошол аркылуу Коқондо кызмат ордуларына жайгашышы мүмкүн деген ойду айтат, бирок жыйынтыгында изилдөөчүнүн бүдөмүк ойдо калганын байкоого болот.

Жогоруда Нарбото Кашкарда киши колдуу болуп өлгөн. Сөөгүн болсо нойгуттун менмин деген эр-азаматтары жана жалгыз кызы Жекевар алып келет. Мурзапар Үсөндүн вариантында Нарбото бий Кашкар багытында Жунгар (Кытай) менен болгон согушта өлүп, иниси Шоорукбек этинен сөөгүн ажыратып алып нойгуттардын мекени аталган Сох дарыясынын боюндагы Согмент кыштагына апкелип жердеген делген.

Баргы (чайырчы) нойгуттарынын айтуусунда Нарбото бийдин сөөгүн Кашкардан алып келүүгө Зардалиден Капар баатыр, Кандан Маадали баатыр, кызы Жекевар жана иниси Шады бирге барышкан дешет. Ал эми С. М. Абрамзондо болсо, Нойгут уруусунан чыккан Нарбото бий Кашкар аймагы ченде согуштан каза табат. Анын максатташы жана уруулашы Турдубай Нарботонун сөөгүнөн этин шылып салып, сөөгүн Газ же Согмент кыштагына (ал жерде нойгуттар жашаган) алып келип, көмдүргөндүгүн айтат [1, 226]

Алтынчыдан: кокондук Нарбото менен баткендик Нарботонун окшош жактарын да карап кээ бирлер аны ошол Кокондогу абройлуу кызматтарда жүргөн Нарбото деп санашат. Мисалы, 1762-жылдары Ирдана бий жортуулдарында Нарбото бий Чыгыш Туркстанга журт которот. Ал жактан кокондуктардан кем эмес жо болгон манчжурларга кабылып, үч жыл өткөн соң элин баштап, Ферганадагы өз ата конушуна кайра кайрылып келет. [15,5]. Мындан Нарбото бийдин Кашкар тарапка жашагандыгы тууралуу элдик уламыштар менен маалыматтардын шайкештиги Нарботонун бир кыргыз аялы Кашкарда болгон деген маалыматтын чындыгы байкалып турат – деп жазган согменттик тарыхчы А. Айбашова.

Нарботолор жөнүндөгү схеманы Таян айылынын жашоочусу, физика мугалими Алтымышов Амиракул агай өзүнүн жеке изилдөөсүнүн негизинде түзүп чыккан. Кокондук Нарбото бийдин ата-тегин, урпактарын Төлөгөн Касымбековдун «Сынган Кылыч» романынын негизинде, ал эми баткендик Нарботонун генеологиясын урпактарынан жазып алган жана бул эки инсандын окшош жактарын талдап төмөнкүдөй тыянак чыгарган.

Биринчиден - Нарбото экөө тең бий болушкан; экинчиден - Алтынбешиктен тараган; үчүнчүдөн - 1760-жылы Жунгар калмактарга каршы күрөшкө катышкан; төртүнчүдөн - Кокондо кызмат кылган. «Кызык жери бул эки Нарботонун балдарынын жана ата-бабаларынын аттарынын башка болгондугу тан калтырат. Бирок, бул согменттик Манаштукумдар Нарботону биздин атабыз дешет» [4, 2012] -деген ойду айтат.

Жыйынтыгында Нарбото Абдырахман уулу Кокон хандыгынын башкаруучусу болсо, Нарбото Ноорузкул уулу Кокон хандыгындагы аскер башчы. Ал өз туугандарына гана эмес бүтүндөй өз элине камкор, күйүмдүү, баарына бирдей мамиле кылган адамгерчиликтүү, өз мансабынан пайдаланып, элин азапка салбаган март инсан, журттун биримдиги үчүн канжыгага башын байлаган мыкты аскер башчы болгондугу жогоруда кызы Жекевардык кошогу аркылуу далилденди.

**Колдонулган адабияттар жана башка булактар.**


1. Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. - Бишкек,1999.

2. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Бишкек: “Кыргызстан”, 1995

3. Информатор Айбашова Айымсаат. Баткен району, Согмент айылы, 2013.

4. Информатор Алтымышов Амиракул. Баткен району, Согмент айылы, 2012.

5. Информатор Амирбекова Жамийла (Нарботонун жетинчи урпагы). Баткен району, Согмент айылы, 2013.

6. Информатор Таиров Кубаныч. Баткен шаары, 2014.

7. Информатор Турсунбаев Эркебай. Баткен району, Согмент айылы, 2014.
8. Информатор Сатыбаев Шадыбай. Баткен району, Согмент айылы, 2014.
9. Кадыров А. А. Баткендин тарыхы. - Ош, 2014.
10. Кадыров А. А.Нарбото бий Баткендик болгонбу? / Баткен таңы № 26 (558), 2011.
11. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. - Фрунзе, 1980.
12. Кыргызстан тарыхы. Энциклопедия. Бишкек, 2003.
13. ОшМУ Токтош Танаев ат. кол жазмалар фонду. Инв № А-1-10. "Жекевардын кошогу", жыйнаган Абдивахаб кызы Рысбүбү. - Баткен-Ош, 2007.
14. Осмонов О. Ж., Мырзакматова А. С. Кыргызстан тарыхы. - Бишкек, 2004.
15. Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К. Кыргызстан тарыхы. - Бишкек, 2003.
16. Хромов А. Л. Очерки топонимии и микротопонимии Таджикистана, вып. 1. – Душанбе. 1975.

**Жакыпбеков Ж. Ж.**
*тарых илимдеринин доктору,*
*Ж. Баласагын атындагы*
*КУУнун профессору, Бишкек ш.*
*Э-дарек: JanybekJakypbekov@gmail.com*

## БОРБОРДУК АЗИЯ ЭЛДЕРИНИН XIX – КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ АЗАТТЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮНҮН ИЗИЛДЕНИШИ: (ЖАҢЫЧА КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА ОЙЛОР)

Өткөн кылымдардагы жана азыркы учурдагы профессионал тарыхчылар белгилегендей, тарых илими аныктап чыккан объективдүү акыйкат, чындык гана аны окуп түшүнгөн адамдардын, дүйнөнүн, коомдун өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн, түшүнүүгө, илимий көз карашынын калыптанышына жардам берет. Ал эми тарыхты иликтеп үйрөнүүдө, анын пайдубалын тарыхый фактылар түзөт. Өткөн турмушту, учурду жана келечекти тарыхый биримдикте, удаалаш хронологияда жана диалектикалык байланышта изилдеп ой жүгүртүү профессионал тарыхчылардын негизги милдети болуп эсептелет. Проблеманы бул өңүттөн алып караганда, тарых илими өткөндөгү маанилүү окуяларды, коомдун өнүгүшүнө салым кошкон улуу ойчулдардын мамлекеттик ишмерлердин тарыхтагы орду жөнүндөгү маалыматтарды документалдуу негизде, булактарга таянуу менен баяндайт. Ошондо гана тарыхый окуялар объективдүү мүнөздө интерпретацияланып, өткөндү таанып билүүнүн илимий деңгээлине чейин өсүп жетет.

Ушул саналып өткөн илимий принциптерди жетекчиликке алып, Борбордук Азия элдеринин XIX – кылымдын экинчи жарымындагы азаттык күрөшүнүн проблемаларын хронологиялык тартипте үч чоң мезгилге бөлүп кароого болот: 1. колониялык доордогу падышалык Россиянын апологеттеринин жарыялашкан макалаларын жана эмгектери; 2. совет доорундагы изилдөөлөр жана монографиялык деңгээлдеги эмгектер; 3. кайра куруу мезгилиндеги жана постсоветтик доордогу жарыяланган илимий, публицистикалык мүнөздөгү макалалар жана монографиялык изилдөөлөр. Эми, жогоруда саналып өткөн удаалаш хронологиядагы үч мезгилде аталган проблема кандай мүнөздө жана кандай концептуалдуу негизде изилденгендигине сереп салып көрөлү:

Борбордук Азия элдеринин XIX – кылымдын экинчи жарымы - XX – кылымдын башындагы социалдык – экономикалык, саясий жана маданий турмушунун тарыхы эки кылымдан ашык мезгилден бери орус окумуштууларынын изилдөөлөрүнүн объектиси болуп келген. Колониялык доордогу жарыяланган макалалардын жана илимий эмгектердин көпчүлүгү (падышалык Россиянын апологеттери – М. А. Терентьев, А.Л. Кун, А.И. Макшеев, В.П. Наливкин, А. Талызин, Н. Корытов ж.б.- Ж.Ж.) методологиялык жагынан бир жактуу болуп,